***ЖУРНАЛИСТИКА***
***ЖУРНАЛИСТИКА***
***JOURNALISM***

DOI:10.26104/NNTIK.2022.59.71.063

*Акматбекова Ж.А., Кабатай кызы А.*

## ЖУРНАЛИСТИКА АДИСТИГИ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ: ГЕЙМИФИКАЦИЯ

*Акматбекова Ж.А., Кабатай кызы А.*

## МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ ПО СПЕЦИАЛЬНОСТИ ЖУРНАЛИСТИКА: ГЕЙМИФИКАЦИЯ

*Zh. Akmatbekova, Kabatay kyzy A.*

## METHODS OF TRAINING BY SPECIALTY IN JOURNALISM: GAMIFICATION

*УДК: 070:7.012(575.2)(04)*

*Илимий-техникалык прогресстин тынымсыз өнүгүү шартында улам жаңы ачылышка ээ болгон технологияны, жаңы маалыматты студенттерге тааныштыруу, окутуу, үйрөтүү зарылдыгы туулат. Макалада жогорку окуу жайларынын журналистика адистиктери боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген «Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы» дисциплинасын окутуудагы теориялык билимди практикалык көндүмдөр, тапшырмаларды аткаруу менен берилген маалыматтарды бышыктоо, толуктоо максатында бир нече ыкмалары каралган. Ошондой эле дисциплинаны өтүүдө заманбап окутуу ыкмаларынын бири катары интерактивдүү ыкма сунушталат. Бул ыкма студенттердин окутуучу менен гана эмес, бири-бири менен да активдүү өз ара аракеттенүүсүн талап кылат. Бул ыкманын өзгөчөлүгү студенттерди теориялык билимди атайын стимуляциялаган практикалык кырдаалда колдонууга мажбурлайт. Мындай сабактарда ар бир студент өзүн көрсөтүшү керек.*

***Негизги сөздөр:*** *массалык коммуникация, аудитория, студент, тайпа, таршырма, окутуу ыкмасы, активдүүлүк.*

*В условиях непрерывного развития научно-технического прогресса возникает необходимость внедрения и обучения студентов новым технологиям и новой информации. В статье рассмотрено несколько способов закрепления теоретических знаний при преподавании дисциплины «Теория и практика массовой коммуникации», установленных Государственным образовательным стандартом высшего образования по специальности «Журналистика». В качестве одного из современных методов обучения дисциплины предлагается интерактивный подход. Данный подход требует от учащихся активного взаимодействия не только с преподавателем, но и друг с другом. Особенность этого метода в том, что он предоставляет студентам возможность применить теоретические знания в специально стимулируемой практической ситуации. В ходе занятий каждый студент должен проявить активность, коммуникабельность, умение работать в команде.*

***Ключевые слова:*** *массовая коммуникация, аудитория, студент, группа, задание, метод обучения, игра.*

*In the conditions of uninterrupted development of scientific and technical progress, the need for the introduction and training of students in new technologies and new information. The article considers several ways to strengthen the theoretical knowledge in the teaching of the discipline "Theory and practice of mass communication", established by the State educational standard "Higher Education in the specialty". As one of the modern methods of teaching discipline, an interactive approach is offered. This approach requires active interaction not only with the teacher, but also with the other. The peculiarity of this method is that it provides students with the opportunity to apply theoretical knowledge in a specially stimulated practical situation. During the lessons, each student must show activity, sociability, ability to work in team.*

***Key words:*** *mass communication, audience, student, group, task, training method, game.*

Санариптешкен коомдо журналистика адистиги боюнча билим берүүдө теориялык билимди практикалык көндүмдөр менен айкалыштыруунун зарылдыгы келип чыкты. Технология өнүккөн доордо адамдар маалыматтарды тексттик материалдарга караганда аудио-визуалдуу форматта кабыл алышып, ошол эле учурда маалыматтардын убактысы кыска болушун талап кылышат.

Бул тенденция билим берүү системасына түздөн-түз таасирин тийгизет. Себеби, ЖОЖдун окутуучулары жана студенттери коомдун ажырагыс бир бөлүгү болгондуктан, билим берүү процессинде да маалыматтар теориялык бөлүк менен чектелип калбастан, окутуунун заманбап инновациялык ыкмаларын иштеп чыгуу бүгүнкү күндө актуалдуу маселеге айланды.

Макалада ушул маселеге байланыштуу, жогорку окуу жайларынын журналистика адистиктери боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген «Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы» дисциплинасын окутууда теориялык билимди практикалык көндүмдөрдү, тапшырмаларды аткаруу менен берилген маалыматтарды бышыктоо, толуктоо максатында бир нече ыкмалары сунушталган.

Адам баласы тарыхый, эволюциялык өнүгүү жолунда маалымат алмашуунун ар түрдүү жолдорун, түрлөрүн ойлоп тапкан жана бул багытта көптөгөн иш-аракеттерди жасаган. XX кылымдын аягында маалымат алмашуунун табиятын, түпкү негиздерин, андагы лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлордун катышын, тил жана тилдик эмес кара-

жаттар аркылуу маалымат алмашуунун механизмдерин, алардын бирдик-каражаттарын, ык-амалдарын жана мыйзам ченемдерин изилдөөгө өзгөчө көңүл бөлүндү. 1950-жылдардан тарта АКШда бул багытта же журналистика тармагында билим алып жаткандарга атайын лекциялар окутула баштады.

Айтуучу менен угуучунун ортосунда кандайдыр бир маалымат алмашуу процесси илимий өңүттө «коммуникациялык процесс» деп аталат. Адам баласынын бири-бири менен маалымат алмашуусу вербалдык жана вербалдык эмес деп аталып, эки негизде жүзөгө ашат. Вербалдык эмес коммуникацияда маалыматтар мимика, пантомимика, ымдоо, жаңсоо, сүрөт, музыка, бий, ар түрдүү шарттуу белгилер, Морземин үн сигналдары, субтитрдик ар кандай символикалар жана башкалар аркылуу туюндурулат. Тарыхый жактан алып карасак, вербалдык эмес маалымат алмашуу эң алгач пайда болгон. Адамдын өнүгүү эволюциясынын натыйжасында маалымат алмашууга болгон муктаждыгы да өскөн. Натыйжада вербалдык эмес коммуникация маалымат алмашууну толук кандуу камсыздай албай калган. Мына ошентип, реалдуу турмуштук жагдай, зарылдык тилдин жаралышына, бара-бара вербалдык коммуникациянын калыптанышына түрткү болгон. Мындай маалымат алмашуу тилдик каражаттардын негизинде ишке ашат.

Ал эми технологиялык-коммуникативдик каражаттардын улам алга карай өнүгүшү менен визуалдуу, перформанс, мифтик, көркөм коммуникациянын жаралышын шарттады. Ошентип, коммуникация түшүнүгү андан да татаал, көп кырдуу, дагы терендеп изилдөөнү талап кылган илимдин объектисине айланды.

Аталган дисциплинаны өтүүдө заманбап окутуу ыкмаларынын бири катары интерактивдүү ыкма сунушталат. Бул ыкма студенттердин окутуучу менен гана эмес, бири-бири менен да активдүү өз ара аракеттенүүсүн талап кылат. Көбүнчө бул эң татаал, бирок кызыктуу жана интенсивдүү болгондуктан бир канча ыкмаларды камтыйт: чыгармачылык тапшырмалар, чакан топтордо иштөө, дебаттар, талкуулар, мээ чабуулдары, презентация, воркшоб, ролдук оюндар, таймаш, викторина ж.б. Бул ыкманын өзгөчөлүгү студенттерди теориялык билимди атайын стимуляцияланган практикалык кырдаалда колдонууга мажбурлайт. Мындай сабактарда ар бир студент өзүн көрсөтүшү керек. Буга мисал катары «Коммуникациянын мыйзам ченемдүүлүгү жана анын элементтери» аталышындагы бөлүмдү окутууда практикалык бөлүгүндө төмөндөгүдөй оюнду уюштурууну сунуштайбыз.

***1-тапшырма:***

*Тапшырманын максаты:* «Кайталоо оюну» – студенттерге берилген маалыматты экинчи коммуникантка жеткирүүдө тактык канчалык деңгээлде маанилүү экендигин аныктоо үчүн бул оюн ойнотулат.

*Оюндун жүрүшү:* Лектор аудиториядан 5 студенттин сыртка чыгып туруусун өтүнөт. Эшикти бекем жапкандан кийин (сыртка угулбас үчүн), калган студенттерге «Оюндун текстин» окуп берет. Андан кийин сырттагы 1 студентти чакырып, текстти дагы бир сыйра окуйт да, сырттан 2-студентти чакырып, ага азыркы уккан текст боюнча 1-студенттин маалымат берүүсүн өтүнөт. Андан кийин 2-студенттин 3-гө, 3-студенттин 4-гө, 4-студенттин 5-студентке айтып берүүсү кайталанат. Акырында, тексттин баштапкы мазмуну менен акыркы маанисин салыштырып көрсөтөт. Тайпада студенттер менен талкуулашат.

*Оюндун тексти:* Тынымсыз ызы-чуу, күрүлдөгөн унаалардын үндөрү, адамдардын кайдыгер жүздөрү, тунарып түтүн жыттанган асман, сапырылган боз чаң – абдан чарчадым. Мааниси жок ушул түйшүк, чыгырыктай чимирилип күн сайын кайталанат.

Алыскы Санминдеги ата-энемди, бир тууганларымды сагынам. Кызык, эмне менен алектенип жатышты экен... Азыр ал жакта күн кыпкызыл чоктой болуп батып бара жаткан кези. Орто бойлуу адам бата тургандай себеттерин жондоруна артынып, эртеден кечке жасаган жумуштарын чай плантациясынын кампаларына тапшырып, ыш жыттанган алачыкты көздөй кайтып жатышса керек. Көздөрү бажырайган, бойтойгон манжалары менен 5ке чейин араң санаган кичинекей Пехень быйыл 7 жашка чыгып, кол арага жарап калса керек. Таң эртеден күүгүм киргенге чейин тынымсыз түйшүк тарткан асыл апамдын жүзүндөгү бырыштары жалгыз аяк чыйырга окшоп, анан барып жазылаар эле. Мени ойлоп санаага батып жүргөндүр. Мени узатарда «билим – сенин келечегиң, ал жолдон эч убакта кайтпа, тажаба, устаттарыңдын кеңешин дайыма ук жана аткар дээр эле.

Андыктан менин чарчоого акым жок. Кожейкенин тапшырмасын кечке чейин аткарып, кайрадан эмендин түбүндө шам чыракты жандырып, эртеңки лекцияга даярданам.

«Билим – менин келечегим»!

***2-тапшырма:*** Төмөндөгү «оюндун тексттин» кайрадан жалпы студенттерге кайталап окуп берет.

*Тапшырманын максаты:* Текст окулат. Ушул эле тексттен коммуникациянын элементтерин аныктоо үчүн студенттерден берилген маалыматтан-тексттен (абстракттуу) конкреттүү маанини табуусун жана ким?, эмне?, качан?, кайда?, эмне үчүн? деген суроолорго бир сөз менен так жооп берүүсүн талап кылат. Тексттен конкреттүү кошумча маалыматтарды сурайт. Студенттер өз жоопторун беришет.

***Тапшырманын жообу:***

*1-таблица*

| | |
|---|---|
| Ким? | студент |
| Эмне? | жумуш |
| Качан? | бүгүнкү учур |
| Кайда? | Шаарда. Кандай шаар? – экологиялык жактан булганган шаар. Мегаполиспи? Өнүккөн-индустриалдык шаарбы? |
| Эмне үчүн? | Билим алуу үчүн 3-4 жыл мурун шаарга келген. Себеби инисин көрбөгөнүнө 3-4 жыл болуп калган. Студенттин максаты – окуу. |
| Кошумча маалыматтар | Мурунку жашаган жери – Кытай же Индия өлкөлөрү болушу мүмкүн. Ал чай плантациясы жана тексттеги ысымдардын аталышынан көрүнүп турат. Апасы – болжолдуу 40-45 жаштын ортосунда, ал боорукер, көрөгөч, түйшүкчүл адам ж.б. |

*Сабакты жыйынтыктоодо* коммуникациянын мыйзам ченемдүүлүгүн жана коммуникациянын элементтерин жогорудагы көнүгүүгө байланыштырып чечмелөө зарыл.

Андан кийин студенттерге үй тапшырма катары жогорудагыдай текст жазып, таап алып келип, тайпада окуп берүүсүн жана жалпы студенттер ким?, эмне?, качан?, кайда?, эмне үчүн? деген суроолорго бир сөз менен так жооп берүүсүн талап кылат.

Ал эми ММКнын коомдук пикирди калыптандырууга тийгизген таасири, Э. Ноймандын «күн тартибин аныктоо жана үн катпоо» жана Ж. Гербнердин «таасирин арттыруу же культивация» теорияларын окутууда жана анын практикалык бөлүгүндө төмөндөгүдөй «күн тартибин аныктоо» деп аталган оюнду уюштурууну сунуштайбыз.

***3-тапшырма:***

*Тапшырманын максаты:* «Күн тартибин аныктоо» – бул ыкма же воркшоп студенттердин ой жүгүртүп, логикалык талдоо жүргүзүүсүнө көмөкчү болот.

*Оюндун жүрүшү:* Окутуучу тайпадагы студенттерди эки топко бөлөт да, биринчисин «телеберүүнүн күн тартибин» изилдөөчүлөр деп, ал эми экинчисин «маалыматтык сайттарды» изилдөөчүлөр деп атайт. Биринчи топко жергиликтүү (республикалык) 10 ТВ каналынын мурунку бир күн маалыматтык берүүлөрүнүн кечки чыгарылыштарын талдоого алып, ал берүүлөрдү темасына карата тизмектеп жазууну тапшырат. Ал эми, ушул эле тапшырма экинчи тайпага сунушталат. Алар 10 маалыматтык сайттын негизги бетинде жайгаштырылган материалдарды темасына карата жазып чыгышат.

Андан соң каналдардын жана маалыматтык сайттардын тизмедеги окшош темаларын бириктирип, жиктештирүү сунушталат. Окшоштуктардын себептерин аныктоого аракет жасалат жана төмөндөгү суроолорго жооп издешет.

- Эмне үчүн бул жаңылык ТВ каналда же сайтта биринчи орунга чыккан?
- Бул тема же көйгөй коомдо актуалдуубу? Кайсы мезгилден баштап актуалдуулукка айланды?
- Маалыматтагы көйгөйдүн чечилиши боюнча кандай сунуштар берилген?
- Сунуштарды, пикирлерди кимдер баалашкан? Алар ошол сферанын серепчилери же маселеге түздөн-түз тиешеси же жакындыгы бар адистерби?
- Социалдык желеде, коомдук жайларда жогорудагы маселелер тууралуу кандай пикирлер айтылып жатат? Байкоо салыңыздар.

*Оюндун жыйынтыгы:* Окутуучу ММКнын күн тартибин аныктоодо маанилүү жагдайларды белгилеп, сабактын практикалык бөлүгүн жыйынтыктайт.

Демек мыкты журналист-адис болушу үчүн эң алгач маалымат алмашуунун өзүн, анын жалпы жана жеке маселелерин, өзөктүү табиятын, тутумунда камтыган компоненттерин жана башка жагдайларын комплекстүү, системалуу өздөштүрүү зарыл экендигин мезгил өзү аныктап олтурат. Пикир алышуунун негизги сырларын, универсалдуу жана индивидуалдуу, улуттук, тилдик, жынысы, билими, жагдай-кырдаалы ж.б.у.с. өзгөчөлүктөрүн таанып билүү үчүн ар тараптуу изденүүнү талап кылат. Илимий-техникалык прогресстин тынымсыз өнүгүү шартында журналисттик билим берүүдө улам жаңы ачылышка ээ болгон технологияны, жаңы маалыматты студенттерге тааныштыруу, окутуу, үйрөтүү зарылдыгы туулат. Анын натыйжасы – студенттерде өздөрүнүн таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн ачууга жана калыптандырууга, өз билимин тереңдетүүгө, теориялык жактан алган билимин практикалык иште колдоно билүү жана пайдасын көрүү үчүн өбөлгө түзүүгө тийиш.

**Адабияттар:**

1. Василик М. А. Основы теории коммуникации: Учебник. - М.: Гардарика, 2007. – 615 с.
2. Кашкин В. Б. Введение в теорию коммуникации: Учебное пособие. - Воронеж, 2000. - 175 с.
3. Киселёв А. Г. Теория и практика массовой информации: общество-СМИ-власть: Учебник. - М. 2010. - 431 с.

4. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Философия энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004. 254-б.
5. Николаева Ж. В. Основы теории коммуникации: Учебное пособие. – Улан-Удэ, 2004. – 274 с.
6. Почепцов Г. Г. Теория коммуникации. – М.: «Рефл-бук», К.: «Ваклер», 2001. – 656 с.
7. Шарков Ф. И. Коммуникология: Основы теории коммуникации: Учебник. – М.: Дашков и К, 2010. – 592 с.
8. Denis McQuail, Sven Windahl. Kitle iletişim çalışmaları için iletişim. Haz. Uğur Demiray. – Eskişehir. 1994. S. 163.
9. Denis McQuail, Sven Windahl. Kitle iletişim çalışmalarında iletişim modelleri. 2 baskı. Çev. Konca Yumlu. – Ankara: İmge kitabevi yayınları. 2005. S. 32.
10. John Fiske. İletişim çalışmalarına giriş. Çev. Süleyman İrfan. – Ankara: ARK yayınevi. S. 246.
11. Erkan Yüksel. İletişim Kuramları.Anadolu Üniversitesi Web-Ofset Tesisleri, Eskişehir, 2013. S. 223.
12. Gamson William A. (1989). Media discourse and public opinion on nucleur power: a constructionist approach //Amerikan journal of sociology: 1.